**ОшМУнун МФТИТ институтунун ПО курамынын өз ишине канааттануусу боюнча сурамжылоо** жыйынтыгы

ПО курамга жүргүзүлгөн сурамжылоо алардын өз ишине канааттануусун баалоого багытталган. Жыйынтыктар билим берүү процессинин сапатын анализдөөгө мүмкүндүк берет.

**Негизги натыйжалар**

Институтта жалпы 169 окутуучу эмгектенет. Сурамжылоого 82и (48,5%) катышкан.

1. **ОшМУда иштегениңизге канча жыл болду? / Ваш стаж работы в ОшГУ?**




- 1-3 жыл – 15 (18,3%)
- 5-7 жыл - 21 (25,6%)
- 10 жылдан ашык - 46 (56,1%)

ППСтин көпчүлүк бөлүгү тажрыйбалуу окутуучулар

2. **Сизди ОшМУда иштөөгө эмне кызыктырат? (жооптун 3 вариантынан ашык эмес тандаңыз).**




1. - Окутуучу катары кесиптик өсүү мүмкүнчүлүгү – 37 (45,1%)
2. - Илим менен алектенүү, эмгектерди басып чыгаруу жана илимий изилдөөлөрдү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү- 34 (41,5%)
3. - Студенттер, магистранттар, докторанттар менен кызыктуу чыгармачылык иш жүргүзүү мүмкүнчүлүгү – 33 (40,2%)
4. - Университеттин кадыр-баркы – 32 ( 39%)
5. - Жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн алгылыктуу багыттары - 30 (36,6%)

6. - Иштөөгө ылайыктуу шарттары – 30 (36,6%) ж.б.

3. **Сиздин оюңузча, студенттер менен иштөөдө университеттин жана окутуучулардын негизги милдеттери кайсылар? (Эң маанилүү 3 милдетти тандаңыз)**




1. - Жогорку квалификациялуу адисти даярдоо – 59 (72%)
2. - Өзүн-өзү өркүндөтүүгө болгон умтулуусун калыптандыруу, өз алдынча билим алууга үйрөтүү – 41 (50%)
3. - Студенттерди коомго жана кесипке ийгиликтүү адаптациялоого даярдоо – 36 (43,9%)
4. - Студенттерде негизги компетенцияларды калыптандыруу – 34 (41,5%)
5. - Окуу предмети боюнча студенттерге билим берүү – 30 (36,6%)
6. - Студенттин таанып-билүүчүлүк кызыгуусун жана жөндөмүн өнүктүрүү – 29 (35,4%) ж.б.

4. **Сиздин оюңузча, билим берүү процессинин кандай көйгөйлөрү кечиктирилгис чечимди талап кылат? (Эң маанилүү 3 жоопту тандаңыз)**




1. - Аудиториялык фонддун жетишсиздиги – 41 (50%)

2. - Кааналар-н ж-а лабор-н заманбап жабдуу-р м-н начар камсыз болушу- 40 (48,8%)
3. - Компьютердик жабдууларнын зарылчылыгы- 29 (35,4%)
4. - Материалдык-техникалык базанын жетишсиздиги – 28 (34,1%)
5. - Студенттердин тарбиясынын төмөндүгү – 16 (19,5%)
6. - Окуу-методикалык адабияттын жетишсиздиги – 15 (18,3%) ж.б.

**5. Кафедрадагы окуу жүктөмүн бөлүштүрүү принциптери сизди канааттандырабы?**




1. - Ооба - 61 (74,4%), 2. - Ар дайым эмес - 20 (24,4%), 3. -Жок – 1 (1,2%)
Көпчүлүгү канаатандырат деп жооп беришкен.

**6. Дисциплина боюнча ОМК иштеп чыгууда кандай кыйынчылыктарга туш болосуз?**




1. - ОМК көлөмү чоң - 47 (57,3%)
2. - ОМК иштеп чыгууга коюлган талаптарда конкреттүүлүк жок- 20 (24,4%)

ОМК жасоодо эч бир семинар же устат шакирттик иш чара болбогондугунан жаш окутуучуларга кыйынга турат, Нужно ориентироваться на творчество преподавателя, а не ограничивать его рамками требований, ОМКнын талаптары белгилүү болсо эмнеге бир шаблонду тузуп коюшбайт, окутуучулар белгилүү жерлерин толтурат калган окшош жери

даяр толгон болсо жакшы болмок. Текшерип эле журбой ушундай иштерди кылышпайбы, ийин текшериштин да кереги жок болуп калат. Баары жакшы. ОМК ким текшерсе өзү менен кошо алып келүү керек мындай ОМК түзөсүнөр леп. По моему мнению слишком много ненужной бюрократии. Надо дать свободу преподавателям. Я имею в виду творческую свободу в том плане, что преподаватель мог бы составлять УМК по своему усмотрению, а не так, как от нас хочет руководство и ставят приподавателей в какие-то рамки. Зачастую в бюрократические. Кыйынчылык жок. Электронныйга вариантта болсо жакшы болмок Кайталанма ОМКнын иштелип чыгышы жана илимий - мазмундук удаалаштыктын жоктугу( семинарларга окутуучулар толук катышуусу керек адистигине карата). Түзүлгөн ОМКларды эч ким окубайт. Жылда ар кандай макетке салдырып башынан түздүртө бергени. Студенттерге сабак бербей эле документтер менен кун откоруп калдык. ОМКны түзгөнгө жеңил вариантын карап чыгуу керек. Көп эле майдалап бөлүктөргө бөлүүнүн кереги жок. ОМК көлөмдүү. Ал билим сапатты жогорулатууга иштебейт деле. Формалдуулук көп.

**7. Сиздин оюңузча, окуутуунун сапатын жана окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүн өркүндөтүү үчүн эмне кылуу керек?**

Организовать и проводить бесплатные курсы повышения квалификации по методике преподавания и педагогике для молодых кадров. Ар кандай методикалык тренинг семинарларды өткөрүү керек. Том-том УМК, силлабустарды түзүүгө убакыт кетирбей, ондуруш менен байланышты күчөтүп, студенттердин практикага бөлүнгөн саатын көбөйтүү керек

Ар бир окутуучу белгилуу гана бир дисциплинаны ар жылы отсо сапат жогорулайт. Дать побольше пространства для творчества и не ограничивать. "Ар бир мугалимге түзүмдүү түрдө квалификация жогорулатуу курстарына катышууга шарт түзүү. Стажировкалар жана тажрыйба алмашуу программаларын уюштуруу (мисалы, мыкты мугалимдердин сабактарына катышуу, башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын көрүү). Онлайн платформалар аркылуу өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү (Coursera, Khan Academy, OpenEdu сыяктуу)." Сапаттуу квалификацияны жогорулатуу боюнча кошумча курстардын уюштурулушу зарыл деп эсептейм. Окутуучулардын сунуштары менен иш алып барыш керек

Окутуучуларга моралдык жана социалдык колдоо көрсөтүү — билим берүү системасынын туруктуу өнүгүүсүнүн негизи. Эгерде мугалимдерге татыктуу шарт түзүлсө, алардын чыгармачылыгы жана окутуу сапаты жогорулайт. Бул өз кезегинде университеттин интеллектуалдык потенциалын көтөрүүгө өбөлгө түзөт. Окуучулар өзүнүн үстүнөн иштөөсү..... Семинарлар, мобилдуулук Квалификациясын жогорулатуу керек Окутуучулар учун квалификацияны жогорулатууга чет олколорго барып окуп келуу мумкунчулугу каралган эмес. Силлабусту УМК рейтинг сыяктуу документация га коп убакыт кетирбей коп убакытты мугалим студенттерге жана алардын билимине арноо керек деп ойлойм Окутуучулар замандын талабына ылайык өз билимин жогорулатып, жаңы педагогикалык технологияларды, санариптик куралдарды жана окутуунун инновациялык методдорун өздөштүрүп туруусу керек деп ойлойм

Окутуучуларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүгө, инновациялык жана санариптик окутуу ыкмаларын өздөштүрүүгө багыттоо керек. Ошондой эле баалоо, стимул берүү жана эл аралык тажрыйба алмашуу системасын өркүндөтүү зарыл. Финансы жактанда колдоо коргозүү Мугалимдер учун академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу керек. Тажрыйба алмашуу окутуунун сапатын жогорулатат. Айлык акыны жогрулатуу керек. Ашыкча кагаз иштерин азайтуу керек.

Баары жокту өзгөртүш керек. Баардык сферасын. Сөз көп." Для повышения качества обучения и профессиональной компетентности преподавателей необходимо, прежде всего,

организовывать регулярные курсы повышения квалификации и обмена опытом. Важно создавать условия для внедрения современных методов обучения и использования цифровых технологий. Также труд преподавателей должен достойно оцениваться как в моральном, так и в материальном плане. Создание благоприятных условий труда в учебных заведениях также положительно скажется на качестве образования." Для улучшения качества обучения важно создать систему непрерывного профессионального развития преподавателей — регулярные курсы, семинары, тренинги по современным методикам преподавания и цифровым инструментам. Также полезны стажировки, участие в профессиональных сообществах и поддержка инициативных педагогов. Обмен опыт, мобильность. "Көп-көп тажрыйба алмашып, курстардан өтүп туруу, замандан артта калбоо керек." Чет өлкөлүк квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу. Иштеш керек. Мотивация жана колдоо– эмгегин баалоо, сыйлоо, карьералык өсүшкө шарт түзүү. Билим алмашууну дагы да оркундотуу керек

Тынымсыз изденуу, чыгармачылык менен иштоо. Билимди жаңылап туруу керек. Атайын семинар, курстарды байма-бай уюштуруу. Иштеш керек. Биз көбүнчө "иштешимиш" болуудабыз. Окутуучунун физикалык билимдерди пайдалануунун технологиялары боюнча мазмундук-ишмердүүлүк мамилесин өркүндөтүү үчүн адистердин семинарына (550200 ФМО) сабак берген бардык мугалимдер катышуусу зарыл! Кабинеттерди,лабораторияларды,жабдууларды заманбап кылыш керек . Кагазды, отчетж.б. жазуу иштерин азайтып, кесипкейлүүгүн арттыруу зарыл/ Окутуучулардын окуу жуктөмүнүнүн сааты 700 саатка чейин болсо, окутуучуларга сааттар адилеттүү бөлүнсө. Квалификацияны жогорулатуучу курстар акысыз болсо окутуучулар үчүн. Университет тарабынан окутуучуларды да мобилдүүлүккө жиберилсе. ОМК эмес силлабус гана түзүлсө. Сабакты көп калтырган студенттерди окуудан четтетүү. Кадрларды жашартып, окутуучулардын колдонуу методдорун азыркы муунга жаккан методдор м-н зарылчылыкка карап. Алмаштыруу. Современная методика. семинарларды уюштуруу керек. Ар окутуучу өз ишин жогорку деңгээлде алып баруусу. Окутуучулар квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүп туруу керек. Өндүрүш менен тынымсыз байланышта болуп, реалдуу долбоорлор менен иштеп, өндүрүштүк тажрыйбага ээ болуусу, эл аралык тажрыйбаларды колдонуусу зарыл. Выбрать клмпетенные кадры. Окутуучулар үзгүлтүксүз өз билимдерин өркүндөтүү. Сабактардын саатын кобойтуу керек. Окуу программаларын эмгек рыногуна, технологияларга ылайыктап жаңыртуу. Педагогдор арасында тажрыйба алмашуу клубдарын түзүү. Регулярдуу тренингдер, семинарлар, вебинарлар, жаңы педагогикалык технологиялар, IT инструменттер, заманбап окутуу методикалары боюнча. жаш окутуучулар үчүн семинарларды уюштуруу. Биринчи мугалим озу жакшы болуш керек. Азыр айлык акыны которуп анан талапты коюш керек.

турмуштук маселелерге багыттап окутуу керек. кызыктыруучу колдоолор керек. Пландуу чет элге тажрыйба алмашууга ОшМУ каржылап жиберүү. Башка мамлекеттеги иниверситеттер менен маалымат, тажрыйба алмашуу керек. Европа мамлекеттеринин университеттери болсо андан да соонун. Атайын программаларды түзүп, проект аркылуу жок дегенде жылына ар бир кафедрадан 1ден окутуучуну чет олкого тажрыйба алууга жонотсок соонун болмок. Терен билим.

устраивать семинары для молодых преподавателей, объясняя им важные этапы в формировании документов. Кагаз иштерин азайтуу, электрондоштуруу, заманбап методикага өтүү. Чечимдерди сырттан албай өз алдынча түзүү.

Университет тарабынан квалификацияны жогорулатуу үчүн жана илимий изилдөө боюнча кызыктуу, заманбап семинарлардын бир жылына жок дегенде 2 жолу уюштурулушун сунуштайм. Биргеликте иштеш керек. Окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн ар бир окутуучу сабагына жоопкерчилик менен мамиле жасоо керек. Айлык акыны көтөрүү гана жетиштүү болсо керек. Сабакта олтуруп каражаттын жетишсиздигин ойлогон ойлор (карыздар, кредит) сапаттуу сабак өтүүгө тоскоолдук жаратат. Мугалимдердин айлыгын көтөрүү, үзгүлтүксүз тренингдерди киргизүү жана заманбап программаларды колдонуу

зарыл. Айлык акыны жогорулатуу. Иш кагаздарын азайтып, кесиби боюнча көбүнчө изденүү , студенттер менен көбүрөөк иштөө. Окуу куралдардын жетишсиздиги, Компьютерлердин жетишсиздиги (м: филфакта, биофакта) Операторлор оз ордуларында отурушбайт, бузулган компьютерлер коп, экзамен болгон учурда гана келишет.
Отправлять на курсы повышения квалификации за рубеж. Окутуучулар учун семинарларды откоруп туруу. Илимпоздордон кадимки жадыбалга жайгаштырып сабак алуу керек. Замандын талабына жараша квалификациясын жогорулатып туруусу. Башка чет элдик жогорку окуу жайларына стажировкаларга, илимий семинарларга кобуроок чыгуу керек. Ар бир адам өз милдетин так аткаруусу керек. Сааттар алдын ала болунуп, программанын окуу пландары алдын ала бекитилди. Окутуучу өзүн өнүктүрүп туруу керек. Ар бир сабакка даярдык менен баруу керек. Окуу жүгүн азайтуу керек. Канцелярдык иш менен алек болуп калдык. Формалдуулук көп. Чыгармачыл иштегенге жетишпейсин
"-мобилдуулук боюнча чет олколорго коп чыгышы керек, - кесиптик квалификацияны ар жыл сайын жогорулатуу керек
- кафедрада саат болуштуруудо кесибине ылайык, кошумча квалификациясын жогорулаткандыгына байланыштуу сааттарды алган туура болот чон мугалимдер, 20 -30 жылдан бери 1 сабактан гана сабак берип келишет, женил сабактарды алып алышкан, жаш мугалимдер эч ким албаган сабактарды айласыздан алып калышат да, сабакты жакшы ото алышпайт же ОМК жасап буто алышпайт, 1-курстарга эн женил сабактардан илимдин кандидаттары сабак берсе, 3-4-курстарга жалан жаш мугалимдер сабак берет, студенттердин сабакка катышуусу да ушундан , эн негизгиси саат болуштурyyдо катачылыктар кетип жатат. - жаш окутуучулар кобоюп кеткен, сабак отуу методикасын билишпейт, алардын диплому да педагог деп берилген эмес." Окуу китептердин жетишсиздиги, компьютерлерди иштеткен операторлордун оз ордунда отурбагандыгы, (м. Биофак, филфакта) экзамен учурунда да гана барышат, компьютерлердеги программаларды жанылоо керек. Окутуу программалары боюнча тез-тез семинарлар болуп турса деген ойдомун. Улучшить подбор кадров. Ашыкча иш кагаздарын азайтып, айлыкты жогорулата эң жакшы жыйынтык болот. Кесептик кызыктырууну жогорулатуу. Окутуучуну кагаз иштеринен арылтыш керек. ОМК түзүү үчүн 200-300 бет жазуу керек болуп жатат. Окутуучулар официант эле болуп калдык. Студенттерибиз кардарыбыз, көңүлүн карашыбыз керек болуп жатат. Анан кайдагы билим? Окутуучунун статусу көтөрүлгөндө гана окутуунун сапаты өркүндөйт.

**Корутундулар:**

Сурамжылоого катышуу деңгээли орточо болуп, жалпы окутуучулардын 48,5%ы өз оюн билдирген. Бул көрсөткүч тенденцияны чагылдырган менен, толук абалды баалоо үчүн катышуу деңгээлин дагы жогорулатуу зарыл.

**Кадрлардын тажрыйбасы:** Окутуучулардын басымдуу бөлүгү (56,1%) 10 жылдан ашык стажга ээ. Бул институтта тажрыйбалуу кадрлардын үстөмдүк кылышын көрсөтөт.

**Мотивация факторлору:** Кесиптик өсүү мүмкүнчүлүгү (45,1%), илим менен алектенүү (41,5%) жана студенттер менен чыгармачылык иш жүргүзүү (40,2%) окутуучуларды ишке тарткан негизги себептер болуп саналат. Университеттин кадыр-баркы жана иштөө шарттары да маанилүү орунда турат.

**Негизги милдеттер:** Жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо (72%) эң башкы милдет катары белгиленген. Ошондой эле студенттерди өз алдынча билим алууга үйрөтүү (50%) жана коомго ийгиликтүү адаптациялоо (43,9%) да маанилүү багыттар катары көрсөтүлгөн.

**Көйгөйлөр:** Аудиториялык фонддун жетишсиздиги (50%), кааналардын жана лабораториялардын заманбап жабдуулар менен камсыз болбошу (48,8%), компьютердик жабдуулардын зарылчылыгы (35,4%) жана материалдык-техникалык

базанын жетишсиздиги (34,1%) билим берүү процессине олуттуу тоскоолдуктарды жаратууда.
**Окуу жүктөмү:** Окутуучулардын басымдуу бөлүгү (74,4%) жүктөмдү бөлүштүрүүдө канааттанганын билдирген. Бул бөлүмдө адилеттүүлүк салыштырмалуу жакшы сакталганын көрсөтөт.
**ОМК иштеп чыгуу:** Негизги көйгөй – көлөмдүн чоңдугу (57,3%) жана талаптардын так эместиги (24,4%). Окутуучулар ашыкча бюрократиядан жана формалдуулуктан чарчап, чыгармачылыкка тоскоолдуктар бар экенин белгилешкен.

МФТИТ институтунун окутуучулары тажрыйбалуу жана кесипке берилген кадрлар экендиги аныкталды. Алардын ишке болгон мотивациясы жогору, бирок билим берүү процессинде аудиториялык фонддун жетишсиздиги, материалдык-техникалык база жана бюрократиялык талаптар олуттуу тоскоолдуктарды жаратууда. Университет жетекчилиги бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн системалуу реформаларды жүргүзүп, окутуучулардын кесиптик өнүгүүсүнө жана мотивациясына колдоо көрсөтүшү зарыл.

**Сунуштар:**

1. **Материалдык-техникалык базаны жакшыртуу:** аудиторияларды жана лабораторияларды заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу, компьютердик техника жана санариптик ресурстарды кеңейтүү.
2. **Айлык акыны жогорулатуу:** окутуучулардын мотивациясын арттыруу жана кошумча жумуштардан арылтуу үчүн.
3. **Кагаз иштерин азайтуу:** ашыкча бюрократиядан арылуу, окутуучулардын чыгармачылыкка жана сабакка көбүрөөк убакыт бөлүүсүнө шарт түзүү.
4. **Кесиптик өнүгүү:** үзгүлтүксүз курстарды, семинарларды жана чет өлкөлүк стажировкаларды уюштуруу; IT технологиялары, санариптик окутуу жана англис тили боюнча кошумча даярдыктарды киргизүү.
5. **Устат-шакирт системасын киргизүү:** жаш окутуучуларды тажрыйбалуу мугалимдерге байлап берүү, методикалык колдоону күчөтүү.
6. **Окуу программаларын жаңылоо:** теория менен практиканы айкалыштыруу, студенттердин практикалык сааттарын көбөйтүү жана эмгек рыногунун талабына ылайыктап жаңылоо.
7. **Мотивациялык механизмдерди киргизүү:** адилеттүү баалоо, сыйлыктар жана стимулдаштыруу аркылуу окутуучулардын чыгармачылык потенциалын колдоо.
8. **Эл аралык тажрыйба алмашуу:** чет өлкөлүк ЖОЖдор менен кызматташуу, окутуучуларды эл аралык деңгээлде стажировкага жөнөтүү.